*Дисциплинанын аталышы жана коду*: **Б.1.1**

| | |
|---|---|
| **Лектор** | **Адылова Бактыгуль Кыдыкбаевна** |
| **Байланыш маалыматтары:** | 0707256741 |
| **Кредиттин саны:** | 4 |
| **Датасы:** | **15.09.2021-22.** |
| **Сабактын максаты жана милдеттери** | **Курстун максаты:** иштиктүү баарлашуу курсу студенттердин жазуу жана оозеки кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү, баарлашуунун бардык чөйрөлөрүндө эне тилиндеги кеп маданиятынын чен-өлчөмдөрүн туура сактоого, көп тилдүү, көп маданияттуу коомдо эне тилинин тилдик-маданий баалуулуктарын барктай билүүгө көнүктүрүү.<br>**Милдеттери: Таанып-билүүчүлүк.** Студенттердин (бүтүрүүчүнүн) эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн, чындыкты чагылдыруунун, таалим-тарбия алуунун каражаты катары толук таанып-билип, өз ишмердүүлүгүндө толук кандуу колдоно билүүсүнө жетишүү. Иштиктүү баарлашуу менен менен ойлоо ишмердүүлүгүнүн биримдигин, кеп ишмердүүлүгүн кеп маданияты менен тыгыз байланышта колдоно алуу, пикир алышуудагы алардын маанисин, барк-баасын терең аңдап-билип, турмушта колдоно билүү көндүмдөрүн калыптандыруу. Тексттин коммуникативдик табиятын терең өздөштүрүү, текст талдоонун жана текст түзүүнүн мыкты көндүмдөрүн калыптандыруу. Кептин стилдери, алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу теориялык жетиштүү маалыматтарды алуу, практика жүзүндө текстти талдоого, мазмунун өркүндөтүп кайра түзүүгө жана жаңы текст жаратууга көнүктүрүү. Жүрүм-турумдук.<br>Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу) жогорку деңгээлде колдонууга, сабаттуу жаза билүүгө, коомдук чөйрөдө маданияттуу сүйлөөгө көнүктүрүү. Тил бирдиктерин эркин жана аң-сезимдүү түрдө оозеки-жазуу кебинде колдонууга, өз пикирин, көз карашын толук билдирип, далилдөөгө, чөйрө менен жагдай-шартына жараша орундуу колдоно билүүгө машыктыруу.<br>Баарлашуу принциби - бул кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун башкы максаты болгон принцип. Бул принцип окуучуларга тилдин лексикасы менен грамматикасын кургак жаттатуу эмес, сүйлөшүп, баарлашып сөз байлыгын өстүрүүгө багытталат. Ал эми окутуунун кырдаалдуулук-тематикалык принциби - бул сүйлөөгө үйрөнүүнүн бүт иш-аракеттери кырдаалдардын негизинде, анын жардамы менен жүргүзүлөт дегенди билдирет. Кырдаал - адамдардын сүйлөшүү мотивдери. Анткени тил аркылуу элдин тарыхы, салт-санаасы, ошондой эле жашаган Мекени бирге үйрөтүлөт. |
| **Курстун баяндалышы** | Иштиктүү баарлащуу дисциплинасы мамлекеттик тилди өнүктүрүү, мамлекеттик тилдин улуттук программасын ишке ашыруу максатында жана өз алдынча чыгармачылыгын үйрөтүү менен студенттердин баарлашууга, маданиятка болгон ой таанымын кеңейтүү иретинде окутулат..<br>Кеп маданияты билим берүү мекемелеринин бардык түрлөрүндө, багыттарында окутулуп, үйрөтүлүп келүүдө.<br>Иштиктүү баарлашууга үйрөнүүгө жардамдашуу, үйрөнүлүп жаткан тилди алып жүрүүчү элдин этномаданияты, адабияты менен тереңирээк тааныштыруу, андыктан, да тексттер жөнөкөй, түшүнүктүү жана тил үйрөнүүгө ылайыктуу болгону ийги. |

| | |
|---|---|
| | Курсту үйрөтүүдө төмөнкү жагдайларга көңүл буруубуз абзел.<br>- Кыргыз тили менен адабиятты интеграциялап окутуу;<br>- Тил аркылуу дил таанытуу;<br>- Бардык ырдаалдарга карата пикир алмашууну аткаруу болуп саналат<br>Окутуучу тарабынан аларга тапшырмалар берилет ошол тапшырмалардын, модулдардын негизинде жыйынтык чыгарылат. |
| **Сабакка чейинки пререквизиттери** | Студенттердин мурда алган билимдерин өркүндөтүү<br>Сабак аралык байланыштар |
| **Сабактан кийинки постреквизиттери** | Аталган курста сөз өстүрүү – кырдаалдык байланыштын негизинде сүйлөшүүгө үйрөтүүгө багытталат. Ар бир студент кыргыз тилин үйрөнүүдө өз күчүнө, билимине ишенип, коомдун турмушунан алынган кырдаалдарда эркин сүйлөшүүгө, кызыгуусуна, чыгармачыл жөндөмүнө таянат. Ошондой эле өзгөчө көңүл кеп маданиятын грамматикалык материалдар менен бирдикте байланыштырып өтүүдө, анын төмөндөгү компоненттери толук түрдө эске алынууга тийиш:<br>• кептин тазалыгы (эне тилинде таза сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгү);<br>• кептин тактыгы (эне тилинде так ой жүгүртүү менен жазуу жана сүйлөө ишмердигине ээ болуу);<br>• кептин тууралыгы (туура жазуу жана туура сүйлөө эрежелерине жараша эне тилинде туура жазуу жана туура сүйлөө ишмердигине ээ болуу);<br>• кептин логикалуулугу (эне тилинде сүйлөм курулушун туура түзүү менен, логикалуу сүйлөп, жаза алуу ишмердигин өздөштүрүү);<br>• кептин орундуулугу жана адеби (чөйрөгө ылайык эне тилинде орундуу жана адептүү сүйлөө ишмердүүлүгүнө жетишүү);<br>• кептин көрктүүлүгү, эмоционалдуулугу жана байлыгы (эне тилинин кеңири жана бай лексикалык корун өздөштүрүү, аны кырдаалдарга жараша ыктуу колдоно алуу, чебер сүйлөө жана жазуу ишмердигине ээ болуу). |
| **Күтүлүүчү компетенциялар** | Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары:1. Кептик /коммуникативная. Сүйлөө Берилген тема боюнча дискуссияга катыша алат жана өзүнүн позициясын колдогонду билет. Кебинде өтүлгөн сөздөрдүн тобун алардын текст түзүүчү функциясына, кептин стилине карата пайдаланат. Угуу. Тексттин функционалдык тиби жана коммуникативдик маселеге байланыштуу ыңгайлаштырылган диалогторду жана тексттерди алардын маанисин терең түшүнүү менен угуу : - Көлөмү боюнча чакан илимий-окуу, илимий популярдуу, публицистикалык, расмий-иштиктүү, адабий тексттердин негизги мазмунун түшүнөт. - Уккандын мазмуну боюнча өз оюн билдирет. - Уккандын мазмуну боюнча кыскача жоопторду айтат Окуу. Ыңгайлаштырылган текстти окуйт жана мазмунун түшүнөт: - Тексттин мазмуну боюнча продуктивдүү жана репродуктивдүү суроолорду түзөт. - Ар кандай стилдеги тексттерди окуйт. - Окуунун ар кандай түрлөрүн пайдаланат ( таанышуучу, үйрөнүүчү, карап чыгуучу окуу) - Окугандын мазмуну боюнча өз оюн билдирет (адабият, илимий-таанып-билүүчү макалалар). |
| **Курстун саясаты** | • кептик кырдаалдарга жана тилдик нормаларга ылайык жазуу жана оозеки формада карым-катнашты ишке ашыруу;<br>• өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү жана сөздүк корун байытуу, байланыштуу кебин, сүйлөө, жазуу маданиятын өркүндөтүү; |

| | |
|---|---|
| | • маданият таануучулук – тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн үйрөнүү;<br>• тил аркылуу элдин улуттук баалуулуктарын таанып-билүү, элдик жана этномаданий лексиканы өздөштүрүү;<br>• тилдик компетенттүүлүккө ээ болуу;<br>• адистиктерге, жумуш учурундагы, жашоодогу кырдаалдарга жараша пикир алмаша билүүсү;<br>• жеке оюн эркин, туура билдирүүгө;<br>• иш кагаздарын колдоно билүү. |
| **Окутуунун методу** | Текст менен өз алдынча жана жуп менен иштөө; БББ, синквейн, даймонд, ротация ж.б. ыкмалары, глоссарий, диалог түзүү; интервью алуу, ММК менен иштеше билүү; кырдаал боюнча сүйлөшүү көнүгүүлөр; темага байланыштуу ыр, табышмак, макал-лакаптарды жатка айтуу; кыргыз адабият майданындагы белгилүү акын-жазуучуларыбыздын өмүрү, чыгармачылыгын билүүдө ылайыктуу методдорду колдонуу, тарыхый жерлерге, музейлерге саякатка чыгуу. |
| **Билимин текшерүүнүн формасы** | Жазуу жана оозеки формасында<br>• модулдук тапшырмалар<br>• тесттер<br>• дил баян, эссе<br>• жеке жана топ менен чыгармачылык иштер<br>• көркөм окуу<br>• ар бир кезектеги көзөмөл, жыйынтыктоочу жазуу, текшерүү иштери. |
| **Адабияттар:**<br>**Негизги**<br>**Кошумча** | Негизги адабияттар:<br>Адабияттар:<br>1. Иштиктүү баарлашуу жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. Адылова Б.К. ОУК 2021-ж<br>2.В.Мусаева Байланыштуу кепти, кептин стилдерин кептик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери Б.-2017<br>3. Б.К.Адылова., Н.Ж.Жапаралиева “Иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү”<br>4. Юдахин К.К Кыргызча – орусча сөздүк<br>5. https://ky.m.wikipedia.org/ ; www.students.com.kg/; www.moodle.intuit.kg/; https://tyup.net/; https://wordsimilarity.com/; https://www.twirpx.com/; www.kkr.iuk.kg/<br>**Кошумча адабияттар:**<br>1.Карасаев К «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү»<br>2. Давлетов С. Байланыштуу речь, - Б., 1999.<br>3. Кеп маданияты<br>4. Сарылбекова З. “Кыргыз тилин кырдаалдык негизде окутуу”<br>5. Давлетов С. Байланыштуу речь, - Б., 1999. |
| **СӨИ** | |
| **Кошумча түшүнүк.** | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 27-ноябрындагы №1455/1 буйругунун негизинде Жогорку профессионалдык билим берүүнүн Мамлекеттик стандартына “Кыргыз тили жана адабияты” деп өзгөртүү киргизилгендигине байланыштуу силлабуска да өзгөртүүлөр киргизилди. |
| | |

**Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү) 1-семестр**

| № | Датасы | Темасы | Саат сан | Адабияттар | Модуль боюнча суроолор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 15-18.09. 2021 | Кыргыз тили –мамлекеттик тил. | 2 | **Адабияттар:** Байланыштуу кепти, кептин стилдерин кептик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери В.Мусаева Б.-2017 www.arch.kyrlibnet.kg/ | Мамлекеттик тилдин орду жана абалы |
| 2-3 | 20-25.09. 2021 | Баарлашуу, анын принциптери | 4 | | Кластер боюнча текст түзүү |
| 4 | 27-02.ок. 2021 | Телефон менен сүйлөшүүнүн маданияты | 2 | | Кырдаалдар менен иштөө |
| 5 | 27-02.10. 2021 | Этикеттин эрежелери. Улуттук этикеттин өзгөчөлүктөрү | 2 | Иштиктүү баарлашуу жана мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүү ОУК Адылова Б.К., 2021- | баарлашуу |
| 6-7 | 04-09-09.21 | Иштиктуу баарлашуунун улуттук өзгөчөлүктөрү. Вербалдык коммуникация | 4 | Байланыштуу кепти, кептин стилдерин кептик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери В.Мусаева Б.-2017 www.kkr.iuk.kg/ | ЭБК ыкмасы менен иштөө |
| 8 | 11-16-10. 2021 | Маданият аралык коммуникация: саламдашуудагы вербалдык эмес коммуникация | 2 | Иштиктүү баарлашуу жана мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүү ОУК Адылова Б.К., 2021- https://ky.m.wikipedia.org/ | Кырдаалдар менен иштөө |
| 9-10 | 16-23.10 2021 | Конфликт. Өз ара пикир келишпестик. | 4 | Иштиктүү баарлашуу жана мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүү ОУК Адылова Б.К., 2021- https://www.twirpx.com/ | Тест боюнча иштөө |
| 11 | 18-23.10 2021 | Сизден айырмаланып турган инсан м-н баарлашуу | 2 | Иштиктүү баарлашуу жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. ОУК 2021-ж https://www.twirpx.com/ | ЭБК ыкмасы менен иштөө |
| 12-13 | 25-30.10 .21 | Жамааттагы өнөктөштүк жана тармактар менен иштөө | 4 | Иштиктүү баарлашуу жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. ОУК 2021-ж | маектешүү |
| 14 | 30-06.11 2021 | Ийгиликке жетүү кадамдары Ийгиликтүү бизнестин көмөктөр | 2 | Иштиктүү баарлашуу жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. Адылова Б.К ОУК 2021-ж | Кадамдарды иштеп чыгуу |
| 15 | 8-13. 11. 2021 | Кептин стилдери. Илимий стиль | 2 | Байланыштуу кепти, кептин стилдерин кептик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери В.Мусаева Б.-2017 | Кластер менен иштөө |
| 16-17 | 13-20.11 2021 | Көркөм жана публицистикалык стиль. | 4 | | ЭБК ыкмасы менен иштөө |
| 18- | 22-27 11. | Расмий-иштиктүү стиль | 4 | https://tyup.net/ | И.Арабаев жөнүндө |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 19 | 2021 | (маалымдаректери, талаптары, жол-жоболоштуруу) | | | айтып берүү |
| 20 | 29-04.12 .2021 | Жеке уюштуруу  иш кагаздары. Өмүр баян | 2 | Иштиктүү баарлашуу жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү.  ОУК 2016-ж https://tyup.net/ | Үлгү |
| 21 | 29-04.12 .2021 | Арыз, анын түрлөрү. (жол-жоболоштуруу) | 2 | Иштиктүү баарлашуу жана мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүү ОУК  Адылова Б.К., 2021- | Арыздын түрлөрүн жазуу |
| 22 | 6-11-12. 01.22 | Кулактандыруу. Чакыруу | 2 | Иштиктүү баарлашуу жана мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүү ОУК  Адылова Б.К., 2021- | Жазуу иши |
| 23 | 6-11-12. 01.22 | Каттарды каттоо. Кызматтык каттар | 2 | | |
| 24 | 13-18. 12.22 | Иштиктүү стилдин үлгүлөрү боюнча иштөө | 2 | | Жазуу иши |
| 25 | 13-18. 12.22 | Буйрутма иш кагаздары. Жарлык. Устав. Жобо | 2 | Б.К.Адылова., Н.Ж.Жапаралиева “Иш кагаздарынын мамлекеттик  тилде жүргүзүлүшү” | Иштиктүү стилдин үлгүлөрү боюнча иштөө |
| 26 | 20-25. 12.21 | Буйрук | 2 | www.students.com.kg/ | Иштиктүү стилдин үлгүлөрү боюнча иштөө |
| 27 | 20-25. 12.21 | Акт, анын түрлөрү | 2 | www.students.com.kg/ | Иштиктүү стилдин үлгүлөрү боюнча иштөө |
| 28 | 27-30. 12.21 | Протокол | 2 | www.students.com.kg/ | Иштиктүү стилдин үлгүлөрү боюнча иштөө |
| 29 | 27-30. 12.21 | Бышыктоо көнүгүүлөр. Өтүлгөн темалар боюнча өз алдынча иштөө | 2 | www.students.com.kg/ | Иштиктүү стилдин үлгүлөрү боюнча иштөө |
| 30 | 03-08. 01.22 | жыйынтыктоо | 2 | | |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума Айлары | - | - | - | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллды суммас |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Сентябрь | | | | октябрь | | | | | | ноябрь | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 10.09- | | | | 10.10.- 2021-ж | | | | | | 26.11 -2021-ж | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 17.09-30.09 | | | | 01 -25.10. 2021-ж. | | | | | | 25.10-25.11-. 2021-ж. | | | | | |
| № | Жума Айлары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллды суммас |
| | | | декабрь | | | | январь | | | | | | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 10.12-  2021-ж. | | | | | | | | | | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 21.11 -23.12. 2021-ж | | | | | | | | | | | | | | | |



*СӨИ – студенттин өз алдынча иши